**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**
**РАЗЗАКОВ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**
**МЭРИЯ ГОРОДА РАЗЗАКОВ**

**БУЙРУК**

«___» ___________ 2026-ж.г. №_____ г. Раззаков ш.

**2026-2027-жылдардын күз-кыш мезгилдеринде өрттүн алдын алуу иш-чараларын уюштуруу жана ишке ашыруу жөнүндө**

2026-2027-жылдардын күз-кыш мезгилдеринде өрттүн алдын алуу иш-чараларын уюштуруу жана ишке ашыруу жөнүндө Раззаков шаарынын аймагында күз-кыш өрткө коопту мезгилинин башталышына байланыштуу чарбалык объектилерде жана турак жай тармагында өрттүн алдын алуу жана өрт коопсуздугунун чараларын камсыз кылуу максатында буйрук кыламын:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 02-октябрындагы № 01-12/236 сандуу буйругу жетекчиликке жана аткарууга алынсын;

2.Раззаков шаарынын аймагындагы мекеме-ишканалардын жетекчилери, тийешелүү адистер күз-кыш мезгилинде өрт коопсуздугун камсыздоо жана алдын алуу боюнча төмөнкү иш-чараларды жүргүзүшсүн:

– чарбалык объектилерде, базарларда, мекеме ишканаларда, унааларга күйүүчү май куючу жайларда (АЗС), эл көп чогулган жерлерде жана турак жай тармагында өрт коопсуздугунун эрежелерин жана ченемдерин сактоо боюнча иш-чараларды күчөтсүн;

– өрткө каршы жүргүзүлүүчү иш чараларына мекеме ишканалардын жетекчилери, турак жай ээлери, суу чарбанын жана башка кызматтардын кызматкерлери жана кварталдык комитеттеринин төрагалары, айыл башчылары тартылсын, обьектилердеги өрткө каршы суу көлмөлөрүнүн жана гидранттарынын абалы көзөмөлдөнүп, жараксыздары оң абалга келтирилсин;

– баардык объектилердеги (соц объектилер) көмүр сактоочу кампаларда өрт коопсуздук эрежелеринин так аткарылышы камсыз кылынсын;

– жылытуу үчүн иштетилген электрдик жана көмүр отун меш печкаларын пайдаланууда, өрт коопсуздук нормалары жана эрежеleритак сакталышы ар бир мекеме ишкананын жетекчилери тарабынан жеке жана туруктуу көзөмөлгө алынсын;

– жалпыга маалымдоо каражаттарын тартуу менен профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүгө, өрт коопсуздугун сактоо багытында атайын көрсөтүүлөр жана берүүлөр уюштурулсун;

– өрт коопсуздугунун эрежелерин сактабаган обьектилердин жетекчилерине жана жооптуу кызматкерлерине тиешелүү чаралар көрүлсүн.

3. Аткарылган иш-чаралар боюнча маалымат Раззаков шаарынын мэринин орун басарына 2026-жылдын октябрь айынан баштап, ар айдын 28-күнү камсыз кылынсын.

4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Раззаков шаарынын мэринин орун басарына жүктөлсүн.

**Мэр** **Д.И.Кенжебаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-03-305, 08.10.2026

Кол койгон: Кенжебаев Д.И.